# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IFRS) 5

## *"Сатууга арналган жүгүртүүдөн тышкаркы активдер жана токтотулган ишмердүүлүк"*

## Максаты

1 Ушул ФОЭСтин максаты болуп сатууга арналган активдерди эсепке алуу тартибин аныктоо, ошондой эле *токтотулган ишмердүүлүк* жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү саналат. Атап айтканда, ушул ФОЭС талап кылат:

(a) сатууга арналган катарында классификациялоо критерийлерине жооп берген активдер балансттык нарктын жана *сатуу чыгымдары алып салынган адилет нарктын* эң азы менен бааланышын жана мындай активдер боюнча амортизациянын токтотулушун; жана

(b) сатууга арналган катарында классификациялоо критерийлерине жооп берген активдер финансылык абал жөнүндө отчетто өзүнчө берилүүсүн, ал эми токтотулган ишмердүүлүктүн натыйжасы жыйынды киреше жөнүндө отчетто өзүнчө берилүүсүн.

## Колдонуу чөйрөсү

2 Ушул ФОЭС менен каралган классификацияга жана маалыматтарды берүүгө талаптар *жүгүртүүдөн тышкаркы* деп таанылган бардык *активдерге*[1] жана ишкананын бардык *чыгып жаткан топторуна* колдонулат. Ушул ФОЭС менен каралган баалоого талаптар, алар андан ары да көрсөтүлгөн стандартка ылайык баалануга тийиш болгон, 5-пунктта саналган активдерди кошпогондо, бардык таанылган жүгүртүүдөн тышкаркы активдерге жана чыгып жаткан топторго (4-пунктта көрсөтүлгөндөй) колдонулат.

3 *"Финансылык отчеттуулукту берүү"* ФОЭС (IAS) 1ге ылайык, жүгүртүүдөн тышкаркы катары классификацияланган активдер алар ушул ФОЭСке ылайык сатууга арналган катарында классификациялоо критерийлерине жооп бермейинче *жүгүртүүдөгү активдерге* кайра классификацияланбоого тийиш. Адатта алар ишкана тарабынан жүгүртүүдөн тышкаркы катарында каралган, кийин кайра сатылуу үчүн гана сатып алынган активдер, эгерде алар ушул ФОЭСке ылайык сатууга арналган катарында классификациялоо критерийлерине жооп бербесе гана, жүгүртүүдөгү катарында классификацияланбоого тийиш.

4 Кээде ишкана айрым, мүмкүн, милдеттенмелер менен тикелей байланышкан активдердин тобунун бир операцияда чыгарылуусун ишке ашырат. Мындай чыгып жаткан топ акча каражаттарын жаратуучу өзүнчө бирдик же анын бөлүгү катары *акча каражаттарын жаратуучу бирдиктердин* тобу боло алат.[2] Топ жүгүртүүдөгү активдерди, жүгүртүүдөгү милдеттенмелерди жана ушул ФОЭСтин 5-пункту менен баалоого талаптардан алынып салынган активдерди кошо алганда, ишкананын бардык активдерин жана милдеттенмелерин камтый алат. Эгерде ушул ФОЭСтин талаптарынын алкагындагы баалоого жүгүртүүдөн тышкаркы актив чыгып жаткан топтун бөлүгү болуп саналса, анда ушул ФОЭСтин баалоого талаптары топ сатуу чыгымдары алып салынган, эң кичине балансттык жана адилет нарк боюнча бааланган түрдө колдонулат. Чыгып жаткан

[1] Ликвиддүүлүккө негизделген сунуштар тартибине ылайык классификацияланган активдер үчүн жүгүртүүдөн тышкаркы активдер болуп отчеттук күндөн кийин он эки айдан көп мезгил аралыгында ордун толтуруу күтүлгөн суммаларды камтыган активдер саналат. 3-пункт мындай активдерди классификациялоодо колдонулат.

[2] Бирок, активден же активдердин тобунан акча каражаттарынын агымы уланып жаткан пайдалануудан эмес, а негизинен сатуудан күтүлүп жатканда, мындай активдер башка активдерден акча каражаттарынын агымдарынан аз көз каранды болуп калат, жана акча каражаттарын жаратуучу бирдиктин бөлүгү болгон чыгып жаткан топ, акча каражаттарын жараткан өзүнчө топ болуп калат.

© ФОЭС Фонду

топтун бөлүгү болуп саналган айрым активдерди жана милдеттенмелерди баалоо боюнча талаптар, 18, 19 жана 23-пункттарда баяндалган.

5 Ушул ФОЭСтин баалоо боюнча жоболору[3] саналган стандарттар менен жөнгө салынуучу төмөнкү активдерге, өзүнчө активдер катарында да, чыгып жаткан топтун бөлүгү катарында да колдонулбайт:

(a) кийинкиге калтырылган салык активдери ("*Пайда салыгы"* ФОЭС (IAS) 12);

(b) кызматкерлердин сыйакыларынын натыйжасында келип чыккан активдер ("*Кызматкерлердин сыйакылары*" ФОЭС (IAS) 19);

(c) "*Финансылык инструменттер*" ФОЭС (IFRS) 9дун колдонулуу чөйрөсүнө камтылуучу финансылык активдер;

(d) "*Инвестициялык кыймылсыз мүлк*" ФОЭС (IAS) 40та берилген адилет нарк боюнча эсепке алуу моделине ылайык эске алынуучу жүгүртүүдөн тышкаркы активдер;

(e) "*Айыл чарбасы*" ФОЭС (IAS) 41ге ылайык, сатуу чыгымдары алып салынган адилет нарк боюнча бааланууучу жүгүртүүдөн тышкаркы активдер;

(f) *"Камсыздандыруу келишимдери"* ФОЭС (IFRS) 4тө аныкталгандай, камсыздандыруу келишимдери менен шартталган укуктар.

5A Ушул ФОЭСтин сатууга арналган катарында классификацияланган жүгүртүүдөн тышкаркы активге (же чыгып жаткан топко) карата талаптары ушул катарында аракеттенүүчү (менчик ээлеринин пайдасына бөлүштүрүү үчүн арналган) менчик ээлеринин пайдасына бөлүштүрүү үчүн классификацияланган жүгүртүүдөн тышкаркы активге (же чыгып жаткан топко) да колдонулат.

5B Ушул ФОЭСте сатууга арналган же токтотулган ишмердүүлүк катарында классификацияланган жүгүртүүдөн тышкаркы активдерге (же чыгып жаткан топторго) карата маалыматты ачып көрсөтүү тартиби белгиленген. Маалыматты башка ФОЭСтерде ачып көрсөтүү, эгерде бул ФОЭСтерде төмөнкүлөр талап кылынбаса, анда мындай активдерге (же чыгып жаткан топторго) карата колдонулбайт:

(a) сатууга арналган же токтотулган ишмердүүлүк катарында классификацияланган жүгүртүүдөн тышкаркы активдерге (же чыгып жаткан топторго) карата маалыматты өзүнчө ачып көрсөтүү; же

(b) баалоого карата ФОЭС (IFRS) 5тин талаптарынын колдонуу чөйрөсүнө кирбеген чыгып жаткан топтун алкагында жүгүртүүдөн тышкаркы активдерге жана милдеттенмелерге карата маалыматты ачып көрсөтүү, жана маалыматты мындай ачып көрсөтүү финансылык отчеттуулукка башка эскертүүлөрдө карала элек.

Сатууга арналган же токтотулган ишмердүүлүк катарында классификацияланган жүгүртүүдөн тышкаркы активдер (же чыгып жаткан топтор) жөнүндө маалыматты кошумча ачып көрсөтүү ФОЭС (IAS) 1дин, атап айтканда ушул стандарттын 15 жана 125-пункттарынын жалпы талаптарын сактоо үчүн зарыл болушу мүмкүн.

## Жүгүртүүдөн тышкаркы активдерди (же чыгып жаткан топторду) сатуу үчүн арналган же менчик ээлеринин пайдасына бөлүштүрүү үчүн арналган катарында классификациялоо

[3] 18 жана 19-пункттардан башка, алар каралып жаткан активдер башка колдонулуучу ФОЭСтерге ылайык бааланышын талап кылат.

6 **Ишкана, эгерде анын балансттык наркы негизинен улантылып жаткан пайдалануу аркылуу эмес, сатуунун эсебинен орду толтурулса, жүгүртүүдөн тышкаркы активди (же чыгып жаткан топту) сатууга арналган катарында классификациялоого тийиш.**

7 Бул үчүн актив (же чыгып жаткан топ) анын учурдагы абалында жана мындай активдерди (же чыгып жаткан топторду) сатуудагы адаттагы жана милдеттүү шарттарда гана болууга, жана аны сатуу *толук ыктымалдуу* болууга тийиш.

8 Сатуу толук ыктымалдуу болушу үчүн жетекчиликтин тийиштүү деңгээли активди (же чыгып жаткан топту) сатуу планын кабыл алууга, жана сатып алуучуну издөөнүн жана планды аткаруунун активдүү программасын демилгелөөгө тийиш. Атүгүл, активди (же чыгып жаткан топту) анын учурдагы адилет наркы менен салыштырмалуу негизделген болуп саналган баа менен сатуу боюнча ишмердүүлүк активдүү жүргүзүлүүгө тийиш. Ага кошумча, 9-пункт менен уруксат берилген учурларды кошпогондо, сатуу классификациялоо күнүнөн бир жыл аралыгында бүтүрүлгөн катарында таануу үчүн талаптарды канааттандыра турганын күтүү болууга тийиш жана сатуу боюнча планды аткаруу үчүн талап кылынуучу аракеттер пландагы олуттуу өзгөртүүлөрдүн же аны алып салуунун ыктымалдыгыаз экенин көрсөтүүгө тийиш. Акционерлердин жактыруу ыктымалдуулугу (эгерде тийиштүү юрисдикцияда бул талап кылынса) сатуунун толук ыктымалдуулугу бардыгын баалоонун бөлүгү катарында каралууга тийиш.

8A Туунду ишканага контролду жоготууну билдирген сатуу планына барган ишкана мындай туунду ишкананын бардык активдерин жана милдеттенмелерин сатуудан кийин ишкана мурдагы туунду ишканадагы контролдонбоочу үлүшүн сактап калганына же калбаганына карабастан, 6 – 8-пункттарда баяндалган критерийлер аткарылган шартта мындай туунду ишкананын бардык активдерин жана милдеттенмелерин сатууга арналган катарында классификациялоого тийиш.

9 Окуялардын же жагдайлардын таасири астында сатууну аяктоо мезгили бир жылдан ашып кетиши мүмкүн. Сатууну аяктоо үчүн талап кылынган мезгилди көбөйтүү, эгерде кечеңдетүүнүн себеби ишкана контролдоборон окуялар же жагдайлар болсо, жана ишкана активди (же чыгып жаткан топту) сатуу боюнча планды уланта турганынын жетиштүү тастыктоосу бар болсо, активди (же чыгып жаткан топту) классификациялоого тоскоол болбойт. Бул В тиркемесинде көрсөтүлгөн критерийлер канааттандырылганда болот.

10 "*Негизги каражаттар*" ФОЭС (IAS) 16га ылайык алмашуу коммерциялык өлчөмгө ээ болгондо сатуу операциялары жүгүртүүдөн тышкаркы активдерди башка жүгүртүүдөн тышкаркы активдерге алмашууну камтыйт.

11 Ишкана жүгүртүүдөн тышкаркы активди (же чыгып жаткан топту) кийин чыгарып салуу үчүн гана сатып алганда, ал жүгүртүүдөн тышкаркы активди (же чыгып жаткан топту), эгерде 8-пункт менен каралган бир жыл мезгилди чектөө боюнча талап аткарылганда гана (9-пункт менен уруксат берилген учурларды кошпогондо) сатып алуу күнүнө карата сатууга арналган катарында классификациялоого тийиш жана 7 жана 8-пункттарда камтылган, бул күнгө карата канааттандырылбаган бардык башка критерий сатып алуудан кийинки кыска мезгил аралыгында (адатта, үч ай аралыгында) канаттандырыла турганы толук ыктымал.

12 Эгерде 7 жана 8-пункттарда берилген критерийлер отчеттук мезгил аяктагандан кийин канааттандырылса, анда ишкана жүгүртүүдөн тышкаркы активди (же чыгып жаткан топту) ошол мезгилге чыгарылып жаткан финансылык отчеттуулукта сатууга арналган катарында классификацияланбоого тийиш. Бирок, эгерде бул критерийлер отчеттук мезгил аяктагандан кийин, бирок, финансылык отчеттуулукту чыгарууга бекиткенге чейин канааттандырылса, анда ишкана бул маалыматты 41(a), (b) жана (d)-пункттарында көрсөтүлгөндөй, эскертүүлөрдө ачып көрсөтүүгө тийиш.

12А Жүгүртүүдөн тышкаркы актив (же чыгып жаткан топ) ишкана активди (же чыгып жаткан топту) менчик ээлеринин пайдасына бөлүштүрүүгө ниеттенген учурда, менчик ээлеринин пайдасына бөлүштүрүү үчүн арналган катарында классификацияланат. Бул үчүн активдер алардын ушул абалында токтоосуз сатуу үчүн бар болууга, а бөлүштүрүү толук ыктымалдуу болууга тийиш. Бөлүштүрүү толук ыктымалдуу болушу үчүн бөлүштүрүүнү ишке ашыруу максатында аракеттер демилгеленүүгө, а бөлүштүрүүнүн өзү, күтүүлөргө ылайык, классификациялоо күнүнөн кийин бир жыл аралыгында аяктоого тийиш. Бөлүштүрүүнү аткаруу үчүн аракеттер бөлүштүрүүдө олуттуу өзгөртүүлөр же анын алып салынышы аз ыктымалдыгын көрсөтүүгө тийиш. Акционерлер тарабынан жактырылуу ыктымалдыгы (тиешелүү юрисдикцияда мындай талап кылынса) бөлүштүрүүнүн толук ыктымалдыгы бардыгын баалоонун бөлүгү катарында каралууга тийиш.

### Аларды пайдалануу токтотулууга тийиш болгон жүгүртүүдөн тышкаркы активдер

13 Ишкана аны пайдалануу токтотулууга тийиш болгон жүгүртүүдөн тышкаркы активди (же чыгып жаткан топту) сатууга арналган катарында классификациялоого тийиш эмес, себеби анын балансттык наркы негизинен уланып жаткан пайдалануу жолу менен орду толтурулууга тийиш. Бирок аны пайдалануу токтотулууга тийиш болгон чыгып жаткан топ 32(а) - (с)-пунктунда берилген критерийлерге жооп берсе, анда ишкана пайдалануу токтотулганда чыгып жаткан топтун натыйжаларын жана акча каражаттарынын агымын 33 жана 34-пункттарга ылайык, токтотулган ишмердүүлүк катарында берүүгө тийиш. Аларды пайдалануу токтотула турган активдер (же чыгып жаткан топтор), алар пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн аягына чейин пайдаланылууга тийиш болгон жүгүртүүдөн тышкаркы, жана сатылбай, бирок жабыла турган жүгүртүүдөн тышкаркы активдерди (же чыгып жаткан топторду) камтыйт.

14 Ишкана аны пайдалануу токтотулган сыяктуу түрдө пайдалануудан убактылуу алып салынган узак мөөнөттүү активди эсепке алууга тийиш эмес.

## Сатууга арналган сыяктуу классификацияланган жүгүртүүдөн тышкаркы активдерди (же чыгып жаткан топторду) баалоо

### Жүгүртүүдөн тышкаркы активди (же чыгып жаткан топту) баалоо

**15 Ишкана сатууга арналган катарында классификацияланган жүгүртүүдөн тышкаркы активди (же чыгып жаткан топту) балансттык наркы менен сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркынын эң азы боюнча баалоого тийиш.**

**15А Ишкана бөлүштүрүү үчүн арналган катарында классификацияланган жүгүртүүдөн тышкаркы активди (же чыгып жаткан топту) балансттык наркы менен бөлүштүрүүгө чыгымдар алып салынган адилет наркынын эң азы боюнча баалоого тийиш.**[4]

16 Эгерде жаңы сатып алынган актив (же чыгып жаткан топ) сатууга арналган катарында классификациялоо критерийлерине жооп берсе (11-пунктту караңыз), анда 15-пунктту колдонуу, эгерде ал мындай түрдө (мисалы, өздүк наркы боюнча) классификацияланбаган болсо, анда баштапкы таанууда эң аз балансттык наркы боюнча жана сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркы боюнча активди (же чыгып жаткан топту) баалоого алып келет. Ошентип, эгерде актив (же чыгып жаткан топ) бизнести бириктирүүнүн бөлүгү катарында сатып алынса, анда ал сатуу чыгымдары алып салынган адилет нарк боюнча бааланууга тийиш.

17 Эгерде, сатуу бир жылдан ашканда орун алса, анда ишкана сатуу чыгымдарын келтирилген нарк боюнча баалоого тийиш. Сатуу чыгымдарынын келтирилген наркынын

4 Бөлүштүрүүгө чыгымдар – бул каржылоого чыгымдарды жана пайда салыгы боюнча чыгымдарды алып салганда, бөлүштүрүүгө түздөн-түз байланышкан кошумча чыгымдар.

убакыттын өтүшү менен байланыштуу келип чыккан көбөйүүсү каржылоого чыгымдар катарында пайданын же зыяндын курамында көрсөтүлүүгө тийиш.

18 Сатууга арналган катарында активди (же чыгып жаткан топту) баштапкы классификациялоонун так алдында активдин (же топтогу бардык активдер менен милдеттенмелердин) баланстык наркы колдонулуучу ФОЭСке ылайык бааланууга тийиш.

19 Чыгып жаткан топтун кийинки баалануусунда баалоого ушул ФОЭСтин талаптарын колдонуу чөйрөсүнө туш келбеген, бирок сатууга арналган катарында классификацияланган чыгып жаткан топко кирген бардык активдер менен милдеттенмелердин баланстык нарkы сатуу чыгымдары алып салынган чыгып жаткан топтун адилет наркын кайра баалоого чейин колдонулуучу ФОЭСке ылайык бааланууга тийиш.

## Нарктын түшүшүнөн зыяндарды таануу жана калыбына келтирүү

20 Ишкана активдин (же чыгып жаткан топтун) наркынын сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркына чейин бардык баштапкы жана кийинки азайтууда нарктын түшүшүнөн зыяндарды ал 19-пунктка ылайык таанылбаган өлчөмдө таанууга тийиш.

21 Ишкана активдин сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркындагы бардык кийинки көбөйүүдөн пайданы таанууга тийиш, бирок, ал ушул ФОЭС менен, же мурдараак "*Активдердин наркынын түшүшү*" ФОЭС (IAS) 36га ылайык таанылган нарктын түшүшүнөн топтолгон зыяндын суммасынан ашпаган болушу керек.

22 Ишкана чыгып жаткан топтун сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркындагы бардык кийинки көбөйүүлөрдөн пайданы таанууга тийиш:

(a) 19-пунктка ылайык ал таанылбаган өлчөмдө, бирок

(b) ал ушул ФОЭСтин баалоосу боюнча талаптарынын колдонулуу чөйрөсүндө турган жүгүртүүдөн тышкаркы активдер боюнча же ушул ФОЭСке, же мурдараак ФОЭС (IAS) 36га ылайык таанылган нарктын түшүшүнөн топтолгон зыяндардан ашпастан.

23 Чыгып жаткан топ үчүн таанылган нарктын түшүшүнөн зыян (же кийинки пайда) ФОЭС (IAS) 36нын (2004-ж. кайра каралган) 104(а) жана (b) жана 122-пункттарында баяндалган бөлүштүрүү тартибинде баалоо боюнча талаптарды колдонуу чөйрөсүнө кирген топто жүгүртүүдөн тышкаркы активдердин баланстык наркын азайтууга (же көбөйтүүгө) тийиш.

24 Жүгүртүүдөн тышкаркы активди (же чыгып жаткан топту) сатуу күнүнө карата таанылган пайда же зыян таанууну токтотуу күнүнө карата таанылууга тийиш. Таанууну токтотууга тиешелүү талаптар төмөнкүлөрдө баяндалган:

(a) ФОЭС (IAS) 16нын (2003-ж. кайра каралган) 67 – 72-пункттарында негизги каражаттар үчүн; жана

(b) "*Материалдык эмес активдер*" ФОЭС (IAS) 38дин (2004-ж. кайра каралган) 112 – 117-пункттарында материалдык эмес активдер үчүн.

25 Ишкана жүгүртүүдөн тышкаркы актив сатууга арналган катарында же ал азырынча сатууга арналган катарында классификацияланган чыгып жаткан топтун бөлүгү болуп турганда жүгүртүүдөн тышкаркы активди амортизациялабашы керек. Сатууга арналган катарында классификацияланган чыгып жаткан топтун милдеттенмелерине тиешелүү пайыздар жана башка чыгашалар таанылуусун улантууга тийиш.

## Сатуу планын же менчик ээлерине бөлүштүрүү планын өзгөртүүлөр

© ФОЭС Фонду

26 Эгерде ишкана активди (же чыгып жаткан топту) сатууга арналган же менчик ээлерине бөлүштүрүү үчүн арналган катарында классификацияласа, бирок, 7 – 9-пункттарында (сатууга арналган активдер (чыгып жаткан топтор) үчүн), же 12А-пунктунда (активдер (чыгып жаткан топтор) үчүн) берилген критерийлер андан ары канааттандырылбаса, анда активди (же чыгып жаткан топту) сатууга арналган же менчик ээлерине (тиешелүү түрдө) бөлүштүрүү үчүн арналган катарында классификациялоону токтотууга тийиш. Мындай учурларда ишкана эсепке алууда, 26А-пункт колдонулган учурлардан тышкары бул өзгөртүүнү чагылдыруу үчүн 27 – 29-пункттардын көрсөтмөлөрүнө таянууга тийиш.

26А Эгерде ишкана активди (же чыгып жаткан топту) сатууга арналган категориядан менчик ээлерине бөлүштүрүү үчүн арналган категорияга түздөн-түз, же менчик ээлерине бөлүштүрүү үчүн арналган категориядан сатуу үчүн арналган категорияга түздөн-түз кайра классификацияласа, классификациялоону мындай өзгөртүү чыгуунун баштапкы планын өзгөртүү болуп эсептелбейт. Ишкана:

(a) мындай өзгөртүүнү эсепке алуу үчүн 27 – 29-пункттардын көрсөтмөлөрүн көздөбөшү керек. Ишкана чыгып калуунун жаңы методуна колдонулуучу классификацияга, сунуштоого жана баалоого ушул ФОЭСтин талаптарын жетекчиликке алууга тийиш.

(b) жүгүртүүдөн тышкаркы активди (же чыгып жаткан топту) 15-пункттун (сатууга арналгандар категориясына кайра классификациялаган учурда) же 15А-пунктунун (менчик ээлерине бөлүштүрүү үчүн арналган категорияга кайра классификациялаган учурда) баалоо жана 20 – 25-пункттардын талаптарына ылайык, жүгүртүүдөн тышкаркы активди (же чыгып жаткан топту) сатуу чыгымдары/бөлүштүрүүгө чыгымдары алып салынган адилет нарктын бардык азаюусун же көбөйүүсүн таанууга тийиш.

(c) 8 жана 12А-пункттарына ылайыканыкталган классификациялоо күнүн өзгөртпөөгө тийиш. Бул эгерде 9-пункт менен каралган шарттар аткарылып жатса, сатууну же менчик ээлерине бөлүштүрүүнү аяктоо үчүн зарыл мезгилди узартууга тоскоол болбойт.

27 Ишкана аны сатууга арналган же менчик ээлерине бөлүштүрүү үчүн арналган катарында классификациялоо токтотулган (же мындан ары сатууга арналган же менчик ээлерине бөлүштүрүү үчүн арналган катарында классификацияланган чыгып жаткан топко кирбеген) жүгүртүүдөн тышкаркы активди (же чыгып жаткан топту) эң төмөнкүсү боюнча баалоого тийиш:

(a) актив (же чыгып жаткан топ) сатууга арналган же менчик ээлерине бөлүштүрүү үчүн арналган катарында классификацияланганга чейинки, эгерде актив (же чыгып жаткан топ) сатууга арналган же менчик ээлерине бөлүштүрүү үчүн арналган катарында классификацияланбаса, таанылган болмок амортизациянын же кайталап баалоолордун суммасына оңдоп-түздөлгөн балансттык наркынан, жана

(b) кийинки сатпоо же бөлүштүрбөө чечиминин күнүнө карата анын *орду толтурулуучу наркынан*.[5]

28 Ишкана анын классификациясы сатууга арналган же менчик ээлерине бөлүштүрүү үчүн арналган катарында токтотулган классификацияланган жүгүртүүдөн тышкаркы активдин (же чыгып жаткан топтун) балансттык наркынын бардык талап кылынуучу түзөтүүлөрүн тиешелүү түрдө 7 – 9 же 12А-пункттарынын критерийлери андан ары канааттандырылбаган мезгилге улантылып жаткан ишмердүүлүктөн пайданын же

[5] Эгер жүгүртүүдөн тышкаркы актив акча каражатын жаратуучу бирдиктин бир бөлүгү болуп саналса, анын орду толтурулуучу наркы – бул балансттык нарк, ал ФОЭС (IAS) 36га ылайык ушул акча каражатын жаратуучу бирдик жагынан келип чыккан нарктын түшүшүнөн ар кандай зыянды бөлүштүрүүдөн кийин таанылмак.

зыяндын[6] курамына киргизүүгө тийиш. Эгерде анын активдин (же чыгып жаткан топтун) сатууга арналган же менчик ээлерине бөлүштүрүү үчүн арналган катарында классификациясы токтотулган болсо, туунду ишкана, биргелешкен операция, биргелешкен ишкана, ассоциацияланган ишкана, же биргелешкен же ассоциацияланган ишканадагы үлүштүн бөлүгү болуп саналса, активдин (же чыгып жаткан топтун) сатууга арналган же менчик ээлерине бөлүштүрүү үчүн арналган катарында классификацияланган учурдан бардык мезгилге финансылык отчеттуулугу тийиштүү түрдө оңдолуп-түзөлүүгө тийиш. Ишкана эгерде андайлар болсо, мындай оңдоп-түзөөнү анда 37-пунктка ылайык таанылган пайда жана зыян көрсөтүлгөн жыйынды киреше жөнүндө отчеттун өзүндө бериши керек.

29 Эгерде ишкана сатууга арналган катарында классификацияланган чыгып жаткан топтон өзүнчө активди же милдеттенмени алып койсо, анда сатууга арналган катарында классификацияланган чыгып жаткан топтун калган активдери жана милдеттенмелери, эгерде ал топ 7 – 9-пункттардын критерийлерине жооп берген учурда гана андан ары да топ катарында бааланууга тийиш. Эгерде ишкана менчик ээлерине бөлүштүрүү үчүн арналган катарында классификацияланган чыгып жаткан топтон өзүнчө активди же милдеттенмени чыгарып салса, анда чыгып жаткан топтун менчик ээлерине бөлүштүрүү үчүн арналган калган активдери жана милдеттенмелери, эгерде бул топ 12А-пунктунун критерийлерине жооп берген учурда гана андан ары топ катарында бааланууга тийиш. Башка учурларда алар сатууга (менчик ээлерине бөлүштүрүү үчүн) арналган катарында өз-өзүнчө классификациялоонун критерийлерине жооп берүүчү топтун калган жүгүртүүдөн тышкаркы активдери ошол эле күнгө сатуу чыгымдары (же бөлүштүрүүгө чыгымдар) алып салынган алардын эң кичине баланстык жана адилет нарктары боюнча өз-өзүнчө бааланууга тийиш. Сатууга арналган катарында классификациялоого жооп бербеген бардык жүгүртүүдөн тышкаркы активдер 26-пунктка ылайык сатууга арналган катарында андан ары классификациялanууга тийиш эмес. Менчик ээлерине бөлүштүрүлүү үчүн арналган катарында классификациялоо критерийлерине жооп бербеген бардык жүгүртүүдөн тышкаркы активдер 26-пунктка ылайык менчик ээлерине бөлүштүрүлүү үчүн арналган катарында андан ары классификацияланууга тийиш эмес.

## Маалыматты берүү жана ачып көрсөтүү

**30 Ишкана маалыматты берүүгө жана ачып көрсөтүүгө тийиш, ал финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына токтотулган ишмердүүлүктүн жана жүгүртүүдөн тышкаркы активдердин (же чыгып жаткан топтордун) чыгып калууларынан финансылык натыйжаларды баалоого мүмкүндүк берет.**

### Токтотулган ишмердүүлүктү көрсөтүү

31 *Ишкананын компоненти* операциялык жана финансылык отчетуулук максатында ишкананын калган бөлүктөрүнөн так айырмалана алынуучу операцияларды жана акча-каражаттарынын агымдарын камтыйт. Башкача айтканда, ишкананын компоненти ал пайдалануу үчүн арналган убакта, акча каражаттарын жаратуучу бирдик же бирдиктердин тобу болууга тийиш.

32 Токтотулган ишмердүүлүк болуп ишкананын же чыгып калган, же сатууга арналган катарында классификацияланган компоненти саналат; жана

(a) өзү ишмердүүлүктүн өзүнчө олуттуу түрү же операцияларды жүргүзүүнүн географиялык району болуп саналат;

[6] Эгер актив сатууга арналган катары классификацияланганга чейин ФОЭС (IAS) 16га ылайык кайра бааланган негизги каражат же материалдык эмес актив болуп саналса, мындай учурда оңдоп-түзөө кайталап баалоонун көбөйүшү же азайышы катары каралууга тийиш.

(b) ишмердүүлүктүн өзүнчө олуттуу түрүнүн чыгып калышынын бирдиктүү координацияланган планынын же операцияларды жүргүзүүнүн географиялык районунун бөлүгү болуп саналат; же

(c) кийин кайра сатуу үчүн гана сатып алынган туунду ишкана болуп саналат.

33 Ишкана төмөнкүлөрдү ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) жыйынтык сумманы түздөн-түз жыйынды киреше жөнүндө отчетто, ал төмөнкүлөрдөн түзүлөт:

(i) токтотулган ишмердүүлүктөн салыктардан кийинки пайдадан же зыяндан; жана

(ii) алар өзү токтотулган ишмердүүлүк болушкан, сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркка жеткирүүдө таанылган салыктардан кийинки пайдадан же зыяндан, же активдер же чыгып жаткан топ (топтор) чыгып калганда;

(b) (a) пунктунда көрсөтүлгөн жыйынтык сумманын төмөнкү түзүүчүлөрүнөн:

(i) токтотулган ишмердүүлүктөн салыктарга чейинки түшкөн киреше, чыгашалар жана пайда же зыян;

(ii) ФОЭС (IAS) 12нин 81(h)-пунктунда талап кылынгандай, пайда салыгы боюнча тийиштүү чыгаша;

(iii) сатуу чыгымдары алып салынган адилет наркка жеткирүүдө же алар өзү токтотулган ишмердүүлүк болушкан активдер же чыгып жаткан топ (топтор) чыгып калганда таанылган пайда же зыян; жана

(iv) ФОЭС (IAS) 12нин 81(h)-пунктунда талап кылынгандай, пайда салыгы боюнча тийиштүү чыгаша.

Түзүмүндөгүлөр боюнча талдоо же эскертүүлөрдө, же жыйынды киреше жөнүндө отчетто түздөн-түз берилиши мүмкүн. Эгерде ал түздөн-түз отчетто берилсе, анда ал токтотулган ишмердүүлүккө тиешелүү, б.а. уланып жаткан ишмердүүлүктөн өзүнчө берилүүгө тийиш. Талдоо жаңы алынган туунду ишканалар болуп саналышкан, сатып алууда сатууга арналган катарында классификациялоонун критерийлерине жооп берген чыгып жаткан топтор үчүн талап кылынбайт. (11-пунктту караңыз);

(c) акча каражаттарынын токтотулган ишмердүүлүктүн операциялык, инвестициялык жана финансылык түзүмүнө тиешелүү таза агымдары. Мындай ачып көрсөтүүлөр же эскертүүлөрдө же түздөн-түз финансылык отчеттуулуктун формаларында болушу мүмкүн. Мындай ачып көрсөтүүлөр жаңы сатып алынган туунду ишканалар болуп саналышкан, сатып алууда сатууга арналган катарында классификациялоонун критерийлерине жооп берген чыгып жаткан топтор үчүн талап кылынбайт. (11-пунктту караңыз);

(d) уланып жаткан ишмердүүлүктөн жана башкы ишкананын менчик ээлерине тиешелүү кылынган токтотулган ишмердүүлүктөн пайданын суммасы. Бул ачып көрсөтүүлөр же эскертүүлөрдө же жыйынды киреше жөнүндө отчетто берилиши мүмкүн.

33A Ишкана пайданын же зыяндын беренелерин ФОЭС (IAS) 1дин (2011-ж. түзөтүүлөрү менен) 10A-пунктунда жазылгандай өзүнчө отчетто берген учурда, токтотулган ишмердүүлүккө арналгандай идентификацияланган бөлүк бул отчетто берилүүгө тийиш.

© ФОЭС Фонду

34 Ишкана 33-пунктта талап кылынган ачып көрсөтүүлөрдү финансылык отчеттуулукта көрсөтүлгөн мурунку мезгилдерге карата, бул ачып көрсөтүүлөр эң акыркы көрсөтүлгөн мезгилдин отчеттук мезгилинин аягына карата токтотулган бүтүндөй ишмердүүлүккө тиешелүү болгондай түрдө, оңдоп-түзөөгө тийиш.

35 Алар мурунку мезгилдеги токтотулган ишмердүүлүктүн чыгуусуна түз тиешеси бар, токтотулган ишмердүүлүктүн курамында мурда берилген суммаларды учурдагы мезгилде оңдоп-түзөөлөр токтотулган ишмердүүлүктүн курамында өзүнчө классификациялануута тийиш. Мындай оңдоп-түзөөлөрдүн мүнөзү жана суммасы ачып көрсөтүлүүгө тийиш. Аларда мындай оңдоп-түзөөлөр келип чыгышы мүмкүн болгон жагдайлардын мисалдары төмөнкүлөрдү камтыйт:

(a) чыгып калуу операциясынын натыйжасында келип чыгуучу айкын эместик факторлорун четтетүү, мисалы, сатып алуучу менен сатып алуу баасын оңдоп-түзөөлөрдү жана компенсациялар маселелерин жөнгө салуу;

(b) натыйжа катарында келип чыккан жана анын чыгуусуна чейинки компоненттин ишмердүүлүгүнө түздөн-түз тиешелүү айкын эместик факторлорун четтетүү, мисалы, курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча милдеттенмелерди жана сатуучуда сакталган продукция боюнча кепилдик милдеттенмелерин;

(c) эгерде төлөөнүн чыгуу операциясына түздөн-түз тиешеси болсо, пенсиялык программанын милдеттенмелерин төлөө.

36 Эгерде ишкана ишкананын компонентин сатууга арналган катарында классификациялоону токтотсо, анда 33 – 35-пункттарга ылайык, мурда токтотулган ишмердүүлүктүн бөлүгү катарында берилген компоненттин ишмердүүлүгү кайра квалификациялануута жана бардык берилген мезгилдер үчүн улантылып жаткан ишмердүүлүктөн пайдага камтылууга тийиш. Мурдагы мезгилдер үчүн суммаларга карата аларды берүү оңдоп-түзөлгөнү көрсөтүлүүгө тийиш.

36A Туунду ишканага контролду жоготууну билдирген сатуу планын аткарып жаткан ишкана, 32-пунктка ылайык, туунду ишкана токтотулган ишмердүүлүк аныктамасына ылайык келген чыгып жаткан топ болгон учурда, 33 – 36-пункттарда талап кылынуучу маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш.

## Улантылып жаткан ишмердүүлүккө тиешелүү пайдалар же зыяндар

37 Токтотулган ишмердүүлүк аныктамасына ылайык келбеген, сатууга арналган катары классификацияланган жүгүртүүдөн тышкаркы активди (же чыгып жаткан топту) кайра баалоодон ар кандай пайда жезыян улантылып жаткан ишмердүүлүктөн пайда же зыянга камтылууга тийиш.

## Сатууга арналган катарында классификацияланган жүгүртүүдөн тышкаркы активди же чыгып жаткан топту көрсөтүү

38 Ишкана сатууга арналган катарында классификацияланган жүгүртүүдөн тышкаркы активди, жана сатууга арналган катарында классификацияланган чыгып жаткан топтун активдерин финансылык абал жөнүндө отчетто башкалардан бөлөк көрсөтүүгө тийиш. Сатууга арналган катарында классификацияланган чыгып жаткан топтун милдеттенмелери финансылык абал жөнүндө отчетто башкалардан бөлөк көрсөтүлүүгө тийиш. Бул активдер жана милдеттенмелер өз ара чегерилүүгө жана бирдиктүү сумма катарында көрсөтүлбөшү керек. Сатууга арналган катарында классификацияланган активдер менен милдеттенмелердин негизги түрлөрү финансылык абал жөнүндө отчетто өзүнчө же түздөн-түз же 39-пунктта уруксат берилгендерди алып салганда, эскертүүлөрдө ачып көрсөтүлүүгө тийиш. Ишкана башка жыйынды кирешенин курамында таанылган жана сатууга арналган катарында классификацияланган жүгүртүүдөн тышкаркы активге (же

© ФОЭС Фонду

чыгып жаткан топко) тиешелүү бардык топтолгон кирешелерди жана чыгашаларды өзүнчө көрсөтүүгө тийиш.

39 Эгерде чыгып жаткан топ сатып алып жатканда сатууга арналган катарында классификациялоо критерийлерине жооп берген жаңы сатып алынган туунду ишкана болуп саналса (11-пунктту караңыз), анда активдердин же милдеттенмелердин негизги түрлөрүн ачып көрсөтүү талап кылынбайт.

40 Ишкана эң акыркы көрсөтүлгөн мезгил үчүн финансылык абал жөнүндө отчеттогу классификацияны эске алуу менен мурдагы мезгилдер үчүн финансылык абал жөнүндө отчеттордо сатууга арналган катарында классификацияланган чыгып жаткан топтордун жүгүртүүдөн тышкаркы активдери жана милдеттенмелери боюнча көрсөтүлгөн суммаларды кайра классификациялабоого же оңдоп-түзөбөөгө тийиш.

### Маалыматты кошумча ачып көрсөтүү

41 Ишкана анда жүгүртүүдөн тышкаркы актив (же чыгып жаткан топ) же сатууга арналган катарында классификацияланган, же сатылып кеткен мезгил үчүн эскертүүлөрдө төмөнкү маалыматты ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) жүгүртүүдөн тышкаркы активди (же чыгып жаткан топту) сыпаттоону;

(b) сатуунун же болжолдонгон чыгып калууга алып баруучу фактыларды жана жагдайларды жана бул чыгып калуунун күтүлгөн ыкмасын жана убактысын сыпаттоону;

(c) 20 – 22-пункттарга ылайык таанылган пайданы же зыянды жана, эгерде бул жыйынды киреше жөнүндө отчеттун өзүндө көрсөтүлбөсө, анда бул пайданы жана зыянды камтыган жыйынды киреше жөнүндө отчеттун беренесин;

(d) эгерде колдонууга болсо, анда жүгүртүүдөн тышкаркы актив (же чыгып жаткан топ) *"Операциялык сегменттер"* ФОЭС (IFRS) 8ге ылайык берилген отчеттук сегментти.

42 Эгерде 26 же 29-пункттар колдонулса, анда ишкана жүгүртүүдөн тышкаркы активди (же чыгып жаткан топту) сатуу планына өзгөртүүлөрдү киргизүү чечими кабыл алынган мезгилде мындай чечимге алып келген фактыларды жана жагдайларды сыпаттоону, жана бул чечимдин мезгил ичиндеги жана мурдагы сунушталган мезгилдердеги ишмердүүлүктүн натыйжаларына таасирин ачып көрсөтүүгө тийиш.

## Өткөөл мезгилдин шарттары

43 Ушул ФОЭС келечекте сатууга арналган катарында классификациялоонун критерийлерине, жана ушул ФОЭС күчүнө кирген күндөн кийин ишмердүүлүгү токтотулган катарында классификациялоонун критерийлерине жооп берген жүгүртүүдөн тышкаркы активдерге (же чыгып жаткан топторго) колдонулууга тийиш. Ишкана ушул ФОЭСти колдонуу үчүн баалоо жана башка маалымат бул критерийлер алгач канааттандырылган убакытта алынган шартта, ушул ФОЭСтин талаптарын сатууга арналган катарында классификациялоонун критерийлерине жана ушул ФОЭС күчүнө кирген күндөн кийинки бардык күндө ишмердүүлүгү токтотулган катарында классификациялоонун критерийлерине жооп берген бардык жүгүртүүдөн тышкаркы активдерге (же чыгып жаткан топторго) колдонулууга тийиш.

## Күчүнө кирүү күнү

44 Ишкана ушул стандартты 2005-ж. 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонуу кубатталат. Эгерде

© ФОЭС Фонду

ишкана ушул ФОЭСти 2005-жылдын 1-январына чейин башталган мезгилге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө милдеттүү.

44A ФОЭС (IAS) 1 (2007-ж. кайра каралган) бүткүл Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарында (ФОЭС) пайдаланылуучу терминологияга түзөтүүлөрдү киргизди. Ал 3 жана 38-пункттарга да түзөтүүлөрдү киргизди жана 33А-пунктун кошту. Ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү 2009-ж. 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге колдонууга тийиш. Эгерде ишкана ФОЭС (IAS) 1ди (2007-ж. кайра каралган) андан алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, көрсөтүлгөн түзөтүүлөр мындай алда канча эрте мезгилге карата колдонулууга тийиш.

44B *"Бириктирилген жана өзүнчө финансылык отчеттуулук"* ФОЭС (IAS) 27 (2008-ж. түзөтүүлөрү менен) 33(d)-пунктун кошту. Ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү 2009-ж. 1-июлунан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге колдонууга тийиш. Эгерде ишкана ФОЭС (IAS) 27ни (2007-ж. түзөтүүлөрү менен) андан алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, көрсөтүлгөн түзөтүү мындай алда канча эрте мезгилге карата колдонулууга тийиш. Түзөтүүнү ретроспективдүү колдонуу керек.

44C 8А жана 36А-пункттары 2008-ж. майында чыгарылган *"ФОЭСтерди жакшыртуу"* басылмасынын натыйжасында кошулган. Ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү 2009-ж. 1-июлунан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Бирок, ишкана, көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү эгерде ал ФОЭС (IAS) 27де (2008-ж. январындагы түзөтүүлөрү менен) да колдонбосо, 2009-ж. 1-июлуна чейин башталган мезгилдерге карата колдонбошу керек. Эгерде ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү 2009-ж. 1-июлуна чейин колдонсо, анда ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш. Ишкана ФОЭС (IAS) 27ни (2008-ж. январындагы түзөтүүлөрү менен) 45-пунктунда баяндалган өткөөл мезгилдин шарттарына ылайык, ФОЭС (IFRS) 5ти алгачкы колдонуу күнүнөн тартып перспективдүү негизде колдонуусу керек.

44D 2008-ж. ноябрында "*Акчалай эмес активдерди менчик ээлерине бөлүштүрүү*" ЭФОТК (IFRIC) 17 түшүндүрмөлөрүнүн чыгышына байланыштуу 5А, 12А жана 15А-пункттары кошулган, а 8-пунктка түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана түзөтүүлөрдү перспективдүү негизде менчик ээлеринин пайдасына арналган катарында классификацияланган жүгүртүүдөн тышкаркы активдерге (же чыгып жаткан топторго), 2009-ж. 1-июлунан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге колдонууга тийиш. Ретроспективдүү колдонууга тыюу салынган. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилген. Эгерде ишкана түзөтүүлөрдү 2009-ж. 1-июлунан башталган мезгилге колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө жана *"Бизнести бириктирүү"* ФОЭС (IFRS) 3тү (2008-ж. кайра каралган), ФОЭС (IAS) 27ни (2008-ж. түзөтүүлөрү менен), жана ЭФОТК (IFRIC) 17 түшүндүрмөлөрүн да колдонууга тийиш.

44E 2009-ж. апрелинде чыгарылган "*ФОЭСтерди жакшыртуу"* басылмасы менен 5В-пункту кошулган. Ишкана бул түзөтүүнү 2010-ж. 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу мезгилдер үчүн колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана түзөтүүнү алда канча эрте мезгил үчүн колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

44F [Алып салынган]

44G 2011-ж. майында чыгарылган "*Биргелешкен ишкердик"* ФОЭС (IFRS) 11 28-пунктка түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 11ди колдонууда колдонууга тийиш.

44H 2011-ж. майында чыгарылган *"Адилет наркты баалоо"* ФОЭС (IFRS) 13 А тиркемесинде адилет нарктын аныктамасына жана орду толтурулуучу нарктын аныктамасына түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 13тү колдонууда колдонууга тийиш.

© ФОЭС Фонду

44I 2011-ж. июнунда чыгарылган *«Башка жыйынды кирешенин беренелерин көрсөтүү»* (ФОЭС (IAS) 1ге түзөтүүлөр) документи 33А-пунктуна түзөтүүлөрдү киргизди. Ишкана 2011-ж. июнунда киргизилген түзөтүүлөрдү эске алуу менен бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IAS) 1ди колдонууда колдонууга тийиш.

44J [Алып салынган]

44K 2014-ж. июлунда чыгарылган ФОЭС (IFRS) 9 менен 5-пунктка түзөтүүлөр киргизилген жана 44F жана 44J-пункттары алынып салынган. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 9ду колдонууда колдонууга тийиш.

44L 2014-ж. сентябрында чыгарылган *"ФОЭСтерди жыл сайын жакшыртуу, 2012 – 2014-жж. аралыгы"* документи 26 – 29-пункттарга түзөтүүлөрдү киргизди жана 26А-пунктун кошумчалады. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2016-ж. 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерде орун алган чыгуу методунун өзгөтүүлөрүнө карата «*Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IAS) 8ге ылайык перспективдүү колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана түзөтүүнү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

44M *[Бул пункт азырынча күчүнө кире элек түзөтүүлөргө тиешелүү жана ошондуктан бул басылмага киргизилген эмес.]*

## ФОЭС (IAS) 35тин колдонулушун токтотуу

45 Ушул ФОЭС *"Токтотулган ишмердүүлүк"* ФОЭС (IAS) 35ти алмаштырат.

# А тиркемеси

# Терминдердин аныктамасы

*Бул тиркеме ушул ФОЭСтин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

**акча каражаттарын жаратуучу бирдик** — Башка активдерден же активдердин тобунан акча каражаттарынын киришинен көбүрөөк денгээлде көз каранды эмес, акча каражаттарынын киришин жаратуучу эң кичинекей аныкталуучу активдердин тобу.

**ишкананын компоненти** — Операциялык жана финансылык отчетуулук максатында ишкананын калган бөлүктөрүнөн так айырмалана алынуучу операциялар жана акча-каражаттарынын агымдары.

**сатуу чыгымдары** — Активдин чыгып калуусу (же **чыгып жаткан топ**) менен түздөн-түз байланышкан кошумча чыгымдар, буга каржылоого чыгымдар жана пайда салыгы боюнча чыгымдар кирбейт.

**жүгүртүүдөгү (кыска мөөнөттүү) актив** — Ишкана активди жүгүртүүдөгү катарында классификациялоого тийиш:

a) актив ишкананын кадимки операциялык циклинин жүрүшүндө сатылаары болжолдонгондо, башкача айтканда ал сатууга же пайдаланууга арналганда;

(b) ал негизинен сатуу үчүн арналганда;

(c) ал активди отчеттук мезгилден кийин он эки айдын ичинде сатууну күтүп жатканда; же

(d) актив акча каражаты же эгерде аны отчеттук мезгилден кийин,кийин минимум он эки ай аралыгында аны алмашууга же милдеттенмелерди төлөө үчүн пайдаланууга чектөө болбосо, (ФОЭС (IAS) 7деги аныктамага ылайык), акча каражаттарына эквиваленттүү актив.

**токтотулган ишмердүүлүк** — **Ишкананын** же чыгып калган, же сатууга арналган катарында классификацияланган **компоненти**, жана

(a) бизнестин негизги айрым багытын же ишмердүүлүктүн географиялык аймагын билдирет;

b) ишмердүүлүктүн өзүнчө олуттуу багытынын чыгып калышынын бирдиктүү координацияланган планынын же операцияларды жүргүзүүнүн географиялык аймагынын бөлүгү болуп саналат же

(c) кийин кайра сатуу максатында гана алынган туунду ишкана болуп саналат.

| | |
|---|---|
| **чыгып жаткан топ** | Бир операциянын натыйжасында сатуу же башка түрдө чыгарылууга жаткан активдер тобу, жана бул операциянын натыйжасында бериле турган ушул активдерменен түздөн-түз байланышкан милдеттенмелер. Эгерде ага «*Активдердин наркынын түшүшү*" ФОЭС (IAS) 36нын (2004 ж. кайра каралган) 80 – 87-пункттарынын талаптарына ылайык гудвилл бөлүштүрүлгөн, **акча каражаттарын жаратуучу бирдик**, же эгерде бул акча каражаттарын жаратуучу мындай бирдиктин ичиндеги ишмердүүлүк болуп саналса, топ бизнести бириктиргенде алынган гудвилди камтыйт. |
| **адилет нарк** | *Адилет нарк* - бул баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучуларынын ортосунда демейки операцияны жүргүзүү учурунда активди сатууда алына турган же милдеттенмени өткөрүп берүүдө төлөнө турган баа. (ФОЭС (IFRS) 13тү караңыз). |
| **сатып алуу боюнча бекемделген келишим** | Байланыштуу эмес тарап менен болгон, эки тарап үчүн милдеттүү жана демейде юридикалык күчү бар макулдашуу: ал (а) операциялардын учурдагы бардык олуттуу шарттарын, анын ичинде баасын жана мөөнөттөрүн аныктайт, жана (б) аткаруу **толук ыктымалдуу** болушу үчүн аткарбай коюу үчүн жетиштүү көлөмдөгү кечендетүүчү факторлорду камтыйт. |
| **толук ыктымал** | **Ыктымалдуулугу** кыйла жогору |
| **жүгүртүүдөн тышкаркы (узак мөөнөттүү) актив** | **Жүгүртүүдөгү актив** аныктамасына ылайык келбеген актив |
| **ыктымалдуу** | **Ыктымалдуулугу** ыктымалсыздыгына караганда жогору. |
| **орду толтурулуучу нарк** | **Чыгып калуу чыгымдары** алып салынган активдин **адилет наркынын** жана анын **колдонуу баалуулугунун** эн чоңу. |
| **колдонуу баалуулугу** | Активди колдонуунун улантылышынын жана пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн аягында анын чыгып калышынын натыйжасында күтүлүп жаткан келечектеги акча каражаттарынын агымдарынын келтирилген наркы. |

© ФОЭС Фонду

# Тиркеме В

## Пайдалануу боюнча кошумча колдонмо

*Бул тиркеме ушул ФОЭСтин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

## Сатууну аяктоо үчүн талап кылынуучу мезгилди көбөйтүү

В1 Кечеңдетүүнүн себеби болуп ишкана тарабынан контролдонбогон окуялар же жагдайлар саналышса, жана ишкана активди (чыгып жаткан топту) сатуу боюнча планды аткарууга ниеттенгенинин жетиштүү тастыктоосу болсо, 9-пунктта көрсөтүлгөндөй, сатууну аяктоо үчүн талап кылынуучу мезгилди көбөйтүү активди (же чыгып жаткан топту) классификациялоого тоскоолдук кылбайт. Демек, аларда көрсөтүлгөн окуялар же жагдайлар 8-пунктта берилген төмөнкү кырдаалдар мезгилди бир жыл менен чектөө боюнча талаптардан тышкары болуп саналат:

(a) ишкана активди ( же чыгып жаткан топту) сатуу боюнча планды аткарууга милдеттенген күнгө карата ал башка тараптар (сатып алуучу эмес) активди (же чыгып жаткан топту) өткөрүп берүүгө шарттарды коюшат деп негиздүү күтөт, бул сатууну аяктоо үчүн талап кылынуучу мезгилдин көбөйүшүнө алып келет, жана

(i) бул шарттарды канааттандыруу үчүн зарыл иш-аракеттер *сатып алуу боюнча бекемделген келишим* түзүлгөнгө чейин демилгелене албайт;

(ii) бир жыл аралыгында сатып алуу боюнча бекемделген келишимди түзүү толук ыктымал;

(b) ишкана сатып алуу боюнча бекемделген келишимди түзөт, жана натыйжада сатып алуучу же башка тарап мурда сатууга арналган катарында классификацияланган жүгүртүүдөн тышкаркы активди (же чыгып жаткан топту) өткөрүп берүүгө шарттарды күтүүсүздөн коет, бул сатууну аяктоо үчүн талап кылынуучу мезгилдин көбөйүүсүнө алып келет, жана

(i) бул шарттарга зарыл жооп иретиндеги аракеттер өз убагында көрүлгөн, жана

(ii) кечеңдетүүчү факторлорду жагымдуу чечүү күтүлүүдө;

(c) бир жылдык баштапкы мезгил аралыгында алар мурда аз ыктымалдуу деп эсептелинген жагдайлар келип чыкты; натыйжада мурда сатуу үчүн арналган катарында классификацияланган жүгүртүүдөн тышкаркы актив (же чыгып жаткан топ) бул мезгилдин аягына чейин сатылган жок, жана

(i) бир жылдык баштапкы мезгил аралыгында ишкана жагдайларды өзгөртүүгө зарыл жооп иретиндеги аракеттерди көрөт;

(ii) жүгүртүүдөн тышкаркы активди (же чыгып жаткан топту) жагдайлардагы өзгөрүүлөрдү эске алуу менен негиздүү болуп саналган баа менен сатуу боюнча ишмердүүлүк активдүү жүргүзүлөт; жана

(iii) 7 жана 8–пункттардагы критерийлер канааттандырылды.

© ФОЭС Фонду